**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**КОЧКОР РАЙОНУ**

**ЧОЛПОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КОЧКОРСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОЛПОНСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

---

**Депутаттардын VIII чакырылышынын Чолпон айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз XIII сессиясынын**

## ТОКТОМУ

2025-жылдын 4-ноябры **№13/1** Чолпон айылы

**Чолпон айылдык аймагына караштуу Ара-Көл орто мектебине ысым ыйгаруу жөнүндө**

Ара-Көл жалпы билим берүү мектебинин директору Р. Айдаркуловдун билдирүүсүн угуп, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-39-беренесине жана КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы “Мамлекеттик маанидеги объектилерди атоо жана кайра атоо тартиби жөнүндө” №149 токтомуна ылайык Депутаттардын Чолпон айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын 2025-жылдын 4-апрелиндеги №18-3942 Токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин №13-3/3283 катынын негизинде Чолпон айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ара-Көл айылындагы ысым ыйгарылбаган Ара-Көл жалпы билим берүүчү мектебине, Кыргыз Республикасынын өнүгүшүнө эмгеги сиңген мамлекеттик жана коомдук ишмер, маркум **Баялы Исакеевдин** ысымы ыйгарылсын.

2. Баялы Исакеевдин ысымын ыйгарууга тиешелүү болгон мектептин иш кагаздарын бүткөрүү жагы Ара-Көл жалпы билим берүүчү мектебинин директору Айдаркулов Рысбек Туйгунбековичке тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чолпон айылдык кеңешинин төрагасына жүктөлсүн.

**Төрага** **Ө. Урматов**

---

**ЖИБЕРИЛСИН:** Иш кагаздарына, веб сайтка.